УДК 323/32ББК66.2(Ки)

# XX КЫЛЫМДЫН 90-ЖЫЛДАРЫНЫН БАШЫНДА КЫРГЫЗСТАНДЫН САЯСИЙ СИСТЕМАСЫН ӨЗГӨРТҮҮ (трансформациялоо)

Ч.У.КОЙЧУМАНОВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Кыргызстан көз каранды эместикке жетишкенден кийин мурунку демократиялык институтуттарды өзгөртүү жана жаңы саясий түзүмдөрдү калыптандыруу процесстери жөнүндө.*

*После обретения независимости Кыргызстана начались процессы трансформации демократических институтов и формирования новых политических структур.*

*The processes of transformation of democratic institutes and forming of new political structures began after finding of independence of Kyrgyzstan.*

Кыргызстан көз каранды эместикке жетишкенден кийин мурунку демократиялык институтуттарды өзгөртүү (трансформациялоо) жана жаңы саясий түзүмдөрдү калыптандыруу процесстери башталган.

XX кылымдын 80-жылдарынын аягы 90-жылдарынын башы мурунку СССРдин жана Чыгыш Европанын бардык өлкөлөрүндө саясий системалардын трансформацияланышынын тездеши менен мүнөздөлөт. Бүгүнкү күнү ушул өлкөлөрдө бекитилген режимдер транзиттик же өтмө катары мүнөздөлөт, себеби толугу менен түзүлгөн демократия жөнүндө азырынча айтуу мүмкүн эмес. Мындан ары каталарды кетирбеш үчүн бүгүн, чындыгында, өткөн мезгилдин ийне-жибине чейин үйрөнүп чыгуу талап кылынат. Өткөөл мезгил узарып кетти. Ушул «мезгил» аяктап, жагымдуу жакка өзгөрүлүш үчүн эмне кылуу керек? Балким, экономикалык факторлорду үйрөнүүдөн сырткары, бул маселени илимий жактан изилдөө керек. Социалдык саясий процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн таап чыгуу келечекте маселенин андан ары өнүгүшүн керектүү руслого багыттоого жол берет. Так ушул себептерден аталган тема уламдан улам өзүнө көңүл бурдурат.

Кыргызстандын саясий системасынын өзгөртүүнү кароодон мурда «трансмормация», «саясий система», «модернизация» сыяктуу ж.б. термин-түшүнүктөргө аныктоо берүү максатка ылайык.

Дегеле өзгөртүү (трансформация) өркүндөгөн коомдук өнүгүүнүн концепциясынын универсалдуу теориясын бириктирип турат. Жаңылоо (модернизация) теориясынын негизги методологиялык базасы болуп, акыркы мезгилдерде Батышта таралган түзүмдүк фукционализм эсептелип калды, себеби ал коомдук илимдерге баяндоо мүмкүнчүлүгүн гана бербестен, социалдык психология жана социалдык мамилелер, саясат, экономиканын ар түрдүү чөйрөлөрүндө ар кандай коомдук кубулуштарды өлчөгөн сандык (математикалык ) анализдин ыкмаларын киргизүүгө да жол берет. Негизги суроо - өзгөртүүнүн объектиси жана аны иш жүзүнө ашыруунун механизмдери кайсылар?

Объекти болуп салттуу деп аталган коом же болбосо индустриялууга чейинки коом саналат. Мындай өзгөртүүнүн биринчи этабына индустриялуу коомдун калыптанышындагы узак процессти киргизишкен. Коом экономикалык өсүштүн жана батыш тибиндеги саясий институттардын жайылтылышын өзгөртүүнүн башкы механизми деп таанышкан. Камсыздоо менен СССР кыйрагандан кийин бийликке келген саясий элита иштеши керек болчу. Мында батыштын маданий баалуулуктары азыркы социалдык

психологиялык камсыздоо менен бирге экономикалык өсүштүн биринчи жыйынтыгы жана институттардын жайылтылышы менен автоматтык түрдө кирет деп эсептелген. Мындай баалуулуктардын жыйындысы батыштан башкаларына батыш маданиятынын проекциясы болуп калды.

Өзгөртүүнүн максаты жана мааниси экономикалык өсүш гана эмес, социалдык теңдик, социалдык гармониянын болушу, жарандардын социалдык укуктук жактан корголушу, инсандын эркин өсүшү үчүн шартын болушу сыяктуу элементтери болгон социалдык маданияттын белгилүү бир деңгээлге жетишкендиги саналат. Эгерде өзгөртүүнүн механизми жөнүндө сөз кылсак, Р.Самуэлсон жана У.Норхаус иштеп жаткан саясий системанын тибине карабастан экономикалык өсүштүн: 1) жаратылыш ресурстары; 2) накта же топтолгон капиталдын болушу; 3) адам ресурстары; 4) технолия сыяктуу 4 негизи болорун белгилешет.\ 1\

Жалпыга белгилүү болгондой, экономикалык өсүш өзү социалдык-саясий жаңыртылышты (модернизациялоону) камсыз кылууга жөндөмдүү эмес. Экономикалык өсүштөн сырткары маданияттын белгилүү бир тиби жана деңгээли керек. Башкаруу маданиятынын белгилүү бир деңгээлисиз технологиялык маданияттын жетиштүү деңгээлин камсыз кылуу мүмкүн эместиги анык. Мына ушул эки- технология жана башкаруу деңгээлдерин ажыратуу керек. Башкаруунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн билүү деген мисалы, подшипник же станокту өндүрүүдөгү билимди талап кылбайт. Айрыкча, тармакты же болбосо, аймактык же улуттук (жалпы мамлекеттик ) деңгээлдеги социалдык чөйрөнү башкаруу жөнүндө сөз болгондо. Башкаруу илимин билүү өндүрүш технологиясындагы иш билгиликтин (компетенция) жетишсиздигин компенсациялоого жөндөмдүү экенин көп мамлекеттин тажрыйбасы көрсөтүүдө.

Башкаруу түзүмү деген эмне? Башкаруу түзүмү деген – бул социалдык жана экономикалык (шайкеш) саясатты жүргүзүү; бул (мүмкүн болушунча) стабилдүү жана чыр-чатаксыз системанын элементтеринин иштешин камсыз кылуу чеберчилиги.\2\ Эгерде элитанын саясий маданияты ишке ашыра турган коомдун кызыкчылыгы, элдин ой-мүдөө жана суроо-талаптарынын аткарылышынын оптималдуу стратегиясын сунуштап, шайкеш түшүнүү менен көрсөтүлсө, анда массанын саясий маданияты башкалар менен бирге саясий чечимдерди кабыл алууга таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгүн жандандырат. Ошентип, өзгөртүүнүн ийгилиги саясий маданияттын өнүгүү деңгээли менен тыгыз байланышта экендиги талашсыз. Саясий маданияттын деңгээли канчалык жогору болсо, коомдун саясаттан алыстап кетүүсү жана андагы чыр-чатактар ошончолук төмөн болот.

Саясий өзгөртүүдө цивилизация ( анын типтери) сыяктуу фактор бир кыйла маанилүү. Бизге белгилүү болгон ар бир цивилизациянын өзүнө тиешелүү маданий баалуу өзөгү бар. Мисалы, конфуциалык- патерналистик баалуулук чыгыш цивилизациясынын маданий баалуу өзөгү болуп саналат. Бул бийлик түзүмдөрүнүн кадыр-баркы, социалдык-өндүрүштүк тартиптүүлүк; ата-бабаларга сыйынуу жана улууларды урматтоо; кландын башчысы тарабынан патронаждарды сыйлоо сыяктуу жеке инсандын жүрүш-турушунун өзгөчө этикасы болуп саналат. Тизмени дагы улатса болот. Бирок мамлекеттин цивилизациялуу багытын эске албай социалдык жакшыртууну моделдөө кыйын экендигин белгилөө максатка ылайык. Көп учурда коомдун өнүгүүсүнүн бир топ социалдык-экономикалык, саясий жана социалдык-психологиялык параметрлерин маданияттын деңгээли, элдин менталитети аныктайт. Ал эми түздөн-түз коомдун саясий системасын алсак, анда аны төмөнкүдөй:

- саясий түзүм (саясий ишмердүүлүккө катышуучу жарандардын бирикмелери жана расмий мекемелер);
- саясий аң-сезим (саясий идеология жана саясий түзүм);
- саясий мамилелерди жөнгө салуучу социалдык принциптер жана нормалар;
- саясий ишмердүүлүктө (жүрүм-турум) көрсөтүлүүчү саясий мамилелер жана саясий режим сыяктуу негизги элементтер түзөт.

Саясий системада кандайдыр бир деңгээлде укуктук системанын ( сот жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле юристтер уюм) элементтери бириге т.

Советтик мезгилдин саясий системасынан түп тамырынан бери айырмаланган Кыргызстандын саясий системасынын негизи 1993-жылкы Конституцияда белгиленген. Анын негизги жоболору болуп элдин суверендүүлүгү, жарандын негизги укугу, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу менен борбордук бийликти бөлүштүрүү принциби таанылган. Кыргызстан парламенттик демократияны өнүктүрүү мамлекети катары юридикалык базага ээ болуп, башкаруунун аралаш формасына өзгөртүлүп, азыр парламенттик башкаруу иштеп жатат. 1993-жылкы жаңы Конституцияга ылайык Кыргызстандын расмий мекемелери башкаруунун мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтери органдарына бөлүнгөн. Мында аткаруучу жана мыйзам чыгаруучу органдар мамлекеттик (жалпы улуттук), ошондой эле жергиликтүү (территориялык) деңгээлде иштейт.

1993-жылкы Конституцияга ылайык саясий система элдин бийлиги болуп, анын негизги институту – башында бийликтин үч бутагы турган демократиялык коом эсептелет.

Мамлекеттик түзүлүштүн негизги принциптери катары айрым окумуштуулар Т.Койчуев жана А.Брудный төмөнкүлөрдү божомолдошот:

- биринчиден, Кыргызстан Евразиянын борборунда жайгашкандыктан азиялык, европалык жана дүйнөлүк саясат менен маданияттан бөлүнүп калбашы керек;
- жалпы эл тарабынан шайланган президент жана парламенти бар демократиялык мамлекеттик түзүлүш;
- тең укуктагы бардык чарбалык субъектилери менен көп укладдуу экономикалык базис;
- жарандардын социалдык жактан бекем корголушу;
- КРнын жарандарынын, улутуна карабастан, жашоо аракеттеринин бардык жактарындагы тең укуктуу улуттук саясат;
- жарандын укугунун кепилдиги жана анын өмүрүн коргоо, расалык, фашисттик, дагы башка конституцияга каршы иш-аракеттерди токтотуу укуктук негиздер;
- республикада илим, искусство жана адабияттын эркин болушу.

Руханий жашоо чөйрөсүнүн ишкерлери төмөнкү төрт нерседен:

1.согушка үгүтөө, мамлекеттик чек араларды карап чыгуу жана башка аймактарды басып алуу;

2.өзүнүн практикалык колдонуусунда экология жана коомду массалык кыйроого алып келе турган илимий иштеп чыгуулар;

3. расалык, улуттук, диний чыр-чатактарга үгүтөө;

4. коомдук баш аламандыкка чакыруудан башка союздарын уюштурууга, чыгармалары жана изилдөөлөрү менен чыгып сүйлөөгө укуктуу. \3\

Көз каранды эмес Кыргызстандын алдында биринчиден, коомдук экономикалык, саясий, социалдык маданий чөйрөлөрүн жакшыртууну жүзөгө ашыруу, экинчиден, глобалдуу системада татыктуу орунду ээлөө, кыргыз цивилизациясынын өнүгүүсүн камсыз кылуу милдеттери турат.

Курс капиталистик коом үчүн алынып, ал интенсивдүү жаңылануу жолу аркылуу жүргүзүлгөн. Капиталдын топтолушу адегенде тездик менен жүрүп, жыйынтыгында коллективдүү чарбанын жоюлушуна, жалпы мамлекеттик менчиктин менчиктелишине алып келген. Бул чаралар социалдык коомдун жиктелишине жол берип, бай адамдар аз, бирок жакырлардын көбөйүшүн пайда кылган. Өндүрүштүк каражаттын негизги ээлери жогорку жана ортонку рангадагы мурдагы чарба жетекчилери болушкан. Аналитиктердин маалыматтары боюнча өлкөнүн 10 % мамлекет байлыгынын 70-80 % ээлешкен.Өлкөнүн

калкынын 56 пайызынан көбү жакырчылыкта жашашат.\4\ Советтен кийинки өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, экономикалык эркиндикке жана жеке менчикке ээ болуу да узакка созулган кризисти токтото алган эмес. Эмне үчүн? Маселе экономикалык кайра түзүүлөрдө эмес, базар мамилелер чөйрөсүндөгү маданияттын жана тажрыйбанын такыр жоктугунда болуп жүрбөсүн.

Бүгүнкү күндө базар мамилелеринин норма жана принциптери ири коомчулуктун чегинен ашып, коомдун маанилүү институционалдык базарлар ортосундагы ресурстардын эркин которууларынын деңгээли менен бирдикте институционалдык базарларды калыптандыруу жана кеңейтүү терең жана кеңири жайылтылып жатат. Экономикада жеке менчик формаларын жаңылоо (модернизациядлоо) ишке чегилген калктын санынын азайышына, өсүү тенденциясына ээ жумушсуздуктун ар түрдүү формаларынын пайда болушуна алып келген. Республикада малдын жалпы саны 4-6 эсеге, өндүрүш 2/3 кыскарып, ИДП 47 % төмөндөгөн.

Кыргызстандын саясий чөйрөсү бир топ жылышка жетишти, жарандык коомдун институттары түзүлүп, жана кеңейтилүүдө. 2000-жылдын 1-июлуна республикада 2000ден ашык бейөкмөт уюм жана бирикмелери, 30га жакын партиялар түзүлгөн. Жарандык коомго, бийлик түзүмүнө жана коомдун социалдык турмушуна эффективдүү таасирди камсыз кылган бүтүн, саясий, идеологиялык, этникалык механизми түзүлүү баскычында турат. Ар бир жарандын саясий маданиятын өстүрүү боюнча алдыда ири иштер турат, себеби алар «коомдун жана мамлекеттин жогорку баалуулугу» катары өзүнүн укук жана эркиндигин маданияттуу ишке ашыра ала турган деңгээлге жетиши керек.

Азырынча жаңылоонун (модернизациянын) классикалык капиталисттик модели жарым салттуу кыргыз коомчулугун каалаган жыйынтыкка алып келген жок, тарыхый кыйынчылык, чектөө, кысым көрсөтүүлөрдүн чакырыгына жооп берген жок. Күткөн «улуттук кайра жаралуу», «жаңылануунун» ордуна кыргыз мамлекети өзүнүн өнүгүшүнүн эң бир драмалык этабына жана цивилизациялуу деңгээлинин (потенциалынын) төмөндөшүнө түштү. Кыргыз коомчулугунун көз карандысыздыгынын жана эркиндигинин шартында мындай жаңылануусунун социалдык көрүнүшү эбегейсиз кымбат болду.

Ошентип, көрсөтүлгөндөрдү жыйынтыктап, төмөнкүдөй чечимге келебиз:

биринчиден, биздин 12 жылдык тажрыйбабыз базар экономикасынын моделдерин механикалык түрдө колдонуу, тактап айтканда, экономикалык жаңылоонун (модернизациянын) батыш-япониялык жолу негизсиз экенин көрсөттү;

экинчиден, тарыхый түзүлгөн социалдык-саясий салтты эсепке албай жана маданиятты өркүндөтпөй азыркы саясий инфраструктураны түзүү мүмкүн эмес;

үчүнчүдөн, экономикалык жана саясий өзгөртүүнүн (трансформациянын) бирин бири шарттоочулук жана органикалык байланышын тажрыйба көрсөтүп жатат - бири бирин багындыруу эмес, «тең укуктагы шарттоочулук». Батыш менен Чыгыштын көрүнүктүү социолог жана саясатчылары жаңылануу (модернизациялоо) жолуна түшкөн жана натыйжалуу экономиканы түзүүгө муктаж өлкөлөр мамлекеттин күчтүү позициясын, саясий түзүлүшүнүн туруктуулугун бузбашы керектигин белгилешет. Бирөө экинчисиз болушу мүмкүн эмес, мамлекеттин экономикасын каршы коюуга умтулуу начарлоого алып келет.

төртүнчүдөн, саясий өзгөртүү (трансформация) сырткы экономикалык жана сырткы саясий факторлорду тартууга муктаж, алар бул иште маданияттын төрт деңгээли же негизи деп аталган. Мындай жыйынтыкка жаңылануунун (модернизациялоонун) башатында турган, учурда баалуулуктарды кайрадан баалоо жана өнүгүүнүн атаандаштык (альтернативдүү) жолдорун издөө менен алектенип жаткан Батыш менен Чыгыштын коом таануучулары, ошондой эле ушул маселенин үстүндө иштеп жатышкан орус окумуштуулары да келишкен;

бешинчиден, экономикада жаңы либералдык кайра куруулар ылайыктуу социалдык саясатсыз коомдун кооптуу катмарларга бөлүнүшүнө алып келүү менен демократиялык түзүмдөрдүн калыптануу процессине зыян келтирет;

алтынчыдан, жарандык коомдун өнүкпөшүн авторитеттүү саясаттын күчү менен теңдөөгө умтулуу талашсыз, бирок аларды ишке ашыруу чоң коркунучтар менен байланыштуу. Алар консервативдүү оппозициянын күчөшү, ошондой эле реформаторлордун лагеринин кайра жаралуусу менен туюндурулат;

жетинчиден, өзгөчө нравалык деградация, реформаторлордун арасында рухий потенциалдын төмөндөшү коркунучтуу, бул авторитардык атмосферага көбүрөөк түрткү болот.

Кандай гана болбосун жаңылануууга (модернизацияга) багыт алган авторитардык-технократтык ыкма социалдык маданий өз алдынчалыктын, коомдун рухий бирдей болуусун (өз идентификациясын) жоготууга алып келет. Ошентсе да Кыргызстандын келечеги кандай? Ал, албетте, жарандык коомдун үлгүсү (идеалы), жеке менчиги, базары Кыргызстандын азыркы салттуу коомунун тарыхый, социалдык маданий, менталитеттик мүнөздөмөлөрүнө байырлаштырылган жаңыланган (модернизацияланган) өлкө болот. Мында жаңылануу (модернизация) коомдун өнүгүшүнүн эң маанилүү учуру экенин эстен чыгарбоо керек, бирок өзгөрүү бир жактуу болбойт, салттын (традициянын) орду жана ролу цивилизациялуу системанын өзгөчө касиети катары толугу менен жокко чыгарылбай, тескерисинче, баюуда.

### Кошумча түшүнүк


1. Мельник В. Политология. – Минск: Высш. школа, 1996.
2. Нусупов У.Т. Национальная идеология, государство и гражданское общество. –Бишкек: КГНУ, 2001.
3. Малабаев Дж.М. История государственности Кыргызстана. – Бишкек: Илим, 1997. –216 с.
4. Чиналиев У. Реализация принципа разделения властей в современном Кыргызстане. –Киев: Довира, 1998. – 73 с.